**Бекитемин**

ОшМУнун ректору,

профессор К.Г.Кожобеков

_______________

«___» ___ 09 ___ 2022-ж.

МИТ факультетинин деканы, ф.-м.и.к., доцент

**Сопуев Уланбек Адахимжановичтин**

кызматтык милдеттери, укуктары жана номеклатуралык талаптары төмөнкүдөй бекитилсин.

**Декан**-түздөн-түз ректордун башкаруусунда иш алып барат. Проректорлорго жана кадрлар башкармалыгынын башчысы менен тиешелүү иш кагаздары боюнча гана макулдашуунун негизинде жүргүзүлөт.

## I. Кызматтык милдеттери:

1. Факультеттин кызыкчылыгын бардык уюмдар менен мекемелерге коргойт;

2. Декан өзүнүн ишмердүүлүгүнө билим тууралуу мыйзамга жана буйруктарына, проректорлордун, окуу- информациялык департаменттин жана ОшМунун Уставынын көрсөтмөлөрүнө таягып иш алып барат;

3. Факультеттин профили боюнча адистерди мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде даярдоону ишке ашырат;

4. Профессордук окутуучулук кызматтын бош орундарына конкурстук шайлоо уюштурат жана илимий кызматкерлер менен окуу көмөкчү шайлоо персоналды аттестациядан өткөрүү иштерин аткарат;

5. Факультеттин окуу-усулдук, илимий жана тарбиялык иштерин уюштурат жана көзөмөлдөйт;

6. Студенттердин сабакты өздөштүрүүсүн көзөмөлдөйт, курстан курска көчүрөт жана мамлекеттик аттестацияга киргизүүгө жана квалификациялык иштерге коргоого уруксат берет;

7.Студенттердин сынак сессиясына кирүүгө уруксат берүүнү ишке ашырат;

8. Керектүү учурда экзамен, зачетторду алууга комиссия түзөт;

9.Студенттердин окуудан четтетүүгө, студенттердин катарына тикеленүүгө сунуштайт;

10.Студенттердин стипендия менен камсыз кылуу жобосуна ылайык факультеттин студенттерине стипендия берүүгө сунуштайт;

11. Факультеттин бүтүрүүчүлөрүн жумушка орноштуруу иштерин уюштурат;

12.Студенттерге окутуунун жана технологияларын жайылтуунун жана окутуунун сапатын жогорулатат камсыз кылат;

13.Факультеттин бүтүрүүчүлөрү менен байланышты, факультетте даярдалып жаткан адистерди сапатын көзөмөлдөөнү уюштурат;

14.Кафедра башчылары менен биргеликте профессордук-окутуучулук курамга, илимий жана окуу-көмөкчү кызматкерликке кадрларды тандап алууга сунуштайт;

15.Декандын орун басарлыгына талапкерлерди көрсөтөт, жана алардын милдеттерин бөлүштүрөт;

16.Кафедралар ортосундагы чогулуштар, семинар, илимий жана илимий методикадык чогулуштарды, конференцияларды өткөрөт жана уюштурат;

17.Факультеттин окумуштуулар кеңешин жетектейт;

18.Факультеттин иш пландарын даярдайт жана факультеттин окумуштуулар кеңешине, өндүрүштүк чогулуштарына материал даярдоону көзөмөлдөйт жана уюштурат;

19.Факультеттин адистердин квалификациясын жогорулатуу иштерин уюштурат;

20. Курска кабыл алууну уюштурат, академиялык группаны түзүүнү жетектейт;

21.Илимий изилдөө жана окуу усулдук иштердин аткарылышын көзөмөлдөйт;

22.Профессордук окутуучу курамдын окуу жүктомдорунун аткарылышын жана сапатын көзөмөлдөйт;

23.Жатаканадагы студенттердин жашоо шартын көзөмөлдөйт жана окуу корпус менен жатаканадагы тартипти камсыз кылууга көмөктөшөт;

24. Студенттерди атайын стипендияларга сунуштайт, академиялык өргүүгө

чыгууга жана студентке окуунун индивидуалдык графигин сунуштайт;

25.Факультттеги студенттердин өзүн-өзү башкаруу формаларын өнүктүрөт жана коомдук уюмдар менен байланыш түзөт;

26.Басма иштерин пландаштуруу жана окуу процессинин керектүү окуу-усулдук адабияттар менен камсыз болуусун уюштурат жана көзөмөлдөйт.

## II. Укуктары:

1. Структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилеринен ж.б. адистердин өздөрүнүн кызматтык милдеттери жөнүндө маалыматтарды жана тиешелүү документтерди сурайт;
2. Бардык сабактын түрлөрүнө, ошондой эле экзамен, зачет алууга катышууга;
3. Окуу процессин өнүктүрүүгө жана студенттерди даярдоонун сапатын жогорулатууга байланышкан маселелерди факультеттин окумуштуулар кеңешин кароосуна алып чыгууга;
4. Окуу пландары боюнча тиешелүү программалардын окуу пландарын аныктоого;
5. Заманбап адистиктерди ачууга;
6. Окутуучуларды жана кызматкерлерди материалдык жана моралдык сыйлыкка көрсөтүүгө, о.э. административдик жаза колдонууга сунуштоо.

## III. Квалификациялык талаптар:

Жогорку билими, ЖОЖдогу тажрыйсы, билим берүү жөнүндө нормативдик документтерди билүү билими, илимий даражасы жана наамы, компьютердик билими.

**Тааныштым, макулмун:**

МИТ факультетинин деканы, ф.-м.и.к., доцент У.А.Сопуев

**Макулдашылды:**

Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.

Юрист Суеркулов У.